**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Уралбек Сабыркулович Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн Мунарбек Абдукадырович Супатаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2018-жылдын 13-июлундагы № 31 аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2018-жылдын 27-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Уралбек Сабыркулович Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн Мунарбек Абдукадырович Супатаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2018-жылдын 13-июлундагы № 31 аныктамасына даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттануууда баяндалган жүйөлөрдү, жана У.С. Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн М.А. Супатаевдин өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2018-жылдын 26-июнунда У.С. Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн М.А. Супатаевдин Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1 жана 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келип түшкөн өтүнүчтөн келип чыккандай, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2013-жылдын 10-декабрындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин күзөт башкармалыгынын «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынан У.С. Момункуловду бошотуу жөнүндө» 2000-жылдын 28-июлундагы № 116 буйругу жокко чыгарылган.

Ушул чечимдин негизинде Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин Мамлекеттик адистештирилген күзөт кызматынын башкы башкармалыгынын начальнигинин 2015-жылдын 14-октябрындагы № 274 буйругу менен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин күзөт башкармалыгынын начальнигинин 2000-жылдын 28-июлундагы № 116 буйругу У.С. Момункуловду ички иштер органдарынан бошотуу бөлүгүндө жокко чыгарылган.

Ошол эле мезгилде, У.С. Момункулов Чүй областынын ички иштеринин Башкы башкармалыгынын начальнигинин 2012-жылдын 8-майындагы № 297 буйругу менен ички иштер органдарынан кайра бошотулган. Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2012-жылдын 7-августундагы чечими

менен У.С. Момункуловдун жогоруда көрсөтүлгөн буйрукту жокко чыгаруу жөнүндө доо арызын канааттандыруудан баш тартылган.

Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2013-жылдын 10-декабрындагы чечими мыйзамдуу күчүнө киргенине байланыштуу У.С. Момункулов Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2012-жылдын 7-августундагы чечимин жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз берген.

Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту У.С. Момункуловдун 2012-жылдын 7-августундагы чечимди жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызын карап чыгып, 2014-жылдын 9-декабрындагы аныктамасы менен ал арызды канааттандырган.

Бирок Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун бул аныктамасы талашылган жана Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын 2015-жылдын 16-февралындагы аныктамасы менен жокко чыгарылган, анткени У.С. Момункулов шилтеме кылган жагдайлар жаңы болуучу. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2015-жылдын 16-августундагы токтому менен Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын 2015-жылдын 16-февралындагы аныктамасы күчүндө калтырылган.

Муну менен макул болботсон, У.С. Момункулов Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2012-жылдын 7-августундагы чечимин жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызын кайра берген, бирок бардык үч инстанциянын соттору У.С. Момункуловдун арызын канааттандыруудан баш тарткан.

Жаңы жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо үчүн негиздер караштырылган Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин жаңы редакциясынын 2017-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө киргенине байланыштуу, У.С. Момункулов Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна жаңы жагдайлар боюнча ишти кайра кароо жөнүндө арыз менен кайрылган. Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2017-жылдын 9-ноябрындагы аныктамасы менен У.С. Момункуловдун Чүй

областынын ИИББне карата арызы канааттандыруусуз калтырылган. Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын 2018-жылдын 22-февралындагы аныктамасы менен Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2017-жылдын 9-ноябрындагы аныктамасы өзгөртүүсүз калтырылган.

Арыздануучу өзүнүн кайрылуусунда соттор өз актыларында Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүнө шилтеме жасоодо, аларга ылайык эмгектик укук ченемдерин камтыган мыйзам жана башка ченемдик укуктук акт өткөн мезгилге карата колдонулбайт жана аны колдонууга киргизгенден кийин келип чыккан мамилелерге карата колдонулат, ошондой эле эмгектик укук ченемдерин камтыган мыйзам жана башка ченемдик укуктук актынын колдонулушу ушул актыда түздөн-түз каралган учурларда гана аны колдонууга киргизгенге чейин келип чыккан мамилелерге карата жайылтылат деп көрсөткөн.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрү, М.А Супатаевдин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1 жана 5-бөлүктөрүндө каралган конституциялык ченемдерди бузууда, аларга ылайык Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат, ошондой эле жаңы милдеттерди же оордотуучу жоопкерчиликти белгилөөчү мыйзам же башка ченемдик укуктук акты өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

Жогоруда баяндалганга негизденип, арыздануучу өз кайрылуусунда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талашылып жаткан ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы У.С. Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн М.А. Супатаевдин өтүнүчүн карап чыгып, анын мазмуну «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө»

конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп бербейт деген тыянакка келди.

Судьялар коллегиясынын аныктамасында өтүнүчтүн мазмунунан талашылып жаткан ченемдердин регулятивдик таасири кандай жол менен У.С. Момункуловдун конституциялык укуктары менен эркиндиктерин бузуп жаткандыгын көрүү мүмкүн эмес экендиги белгиленүүдө. Кайрылууда келтирген арыздануучунун жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунда күмөндүүлүктү жараткан жана талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайык келүү маселесинде күмөндүүлүктү жаратуучу жагдайлар катары бааланышы мүмкүн эмес, бул «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацына ылайык ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн сөзсүз шарт болуп саналат.

Ошондой эле, судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу деп белгилеген. Бирок арыздануучу өзүнүн өтүнүчүндө талашылып жаткан жоболор тарабынан Конституциянын экинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөн адамдын жана жарандын кайсы конституциялык укуктары менен эркиндиктери бузулуп жатканын көрсөтпөстөн, талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1 жана 5-бөлүктөрүнө болгон карама-каршылыгына шилтеме жасоодо.

Баяндалганды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы 2018-жылдын 13-июлундагы № 31 аныктамасы менен бул кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Жогоруда көрсөтүлгөн аныктама менен макул болбостон, М.А. Супатаев 2018-жылдын 12-ноябрында У.С. Момункуловдун кызыкчылыгын көздөп Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттанусунда соттук коллегия анын өтүнүчүн үстүртөн эле карап, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин көрсөткөн эмес деген шилтеме менен өндүрүшкө кабыл алуудан негизсиз баш тарткан деп белгилейт. Ошондой эле арыздануучу каралып жаткан өтүнүчтө баяндалган талаптардын алкагында У.С. Момункулов кайрылуунун субъекти боло албайт деген соттук коллегиянын тыянагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна карама-каршы келет, ага ылайык ушул Конституцияда белгиленген соттук коргонууга укуктар эч чектелүүгө тийиш эмес деп белгилейт.

Андан ташыкары, даттанууда талашылып жаткан ченемдер тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 17, 28-беренелеринде кепилденген укуктар бузулууда, аларга ылайык Конституцияда белгиленген укуктар менен эркиндиктер бардык жактан толук жетишерлик деп эсептелбейт жана адамдын, жарандын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин таануу же басмырлоо катары чечмеленбеши керек жана адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же оорлотуучу мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт, жасалган учурга карата укук бузуу деп таанылбаган иш-аракети үчүн эч ким жоопкерчилик тартпашы керек деп көрсөтүлүүдө.

Арыздануучу өзүнүн көз карашын негиздөө катары кайрылууда баяндалган жүйөлөрдү кайталап келтирүүдө, үч инстанциянын соттору тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талашылып жаткан ченемдерин колдонууга байланыштуу жагдайларды кайталап баяндоодо.

Ушундан улам, М.А. Супатаев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-

жылдын 13-июлундагы № 31 аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

Конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында соттук коргоого болгон укуктун маңызы болуп, эгерде талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде укуктук күмөндүүлүктүн болуусун күбөлөндүргөн негиздер болсо, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо эсептелет.

Өз кезегинде, аталган укукту жүзөгө ашыруунун процесстик тартиби «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам (20, 24, 25 жана 28-беренелер) менен регламенттелген, анын алкагында арыздануучунун кайрылуусу каралып чыгып, судьялар коллегиясынын тиешелүү аныктамасы кабыл алынган.

Арыздануучу судьялар коллегиясынын аныктамасына даттанып жатып, өз даттануусунда судьялар коллегиясынын тыянактары менен шартталган жана аны жокко чыгарууга багытталган аргументтерди келтирген эмес.

Конституция менен кепилденген адамдын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун көрсөтпөстөн, арыздануучунун Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1 жана 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деген пикиринин негизинде алардын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө маселени коюу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнүн талаптарына ылайык жеке жана юридикалык жактардын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугун жаратпайт.

Демек, судьялар коллегиясынын У.С. Момункуловдун кызыкчылыгындагы М.А. Супатаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө 2018-жылдын 13-июлундагы № 31 аныктамасы негиздүү болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 11-беренесинин 3 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Уралбек Сабыркулович Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн Мунарбек Абдукадырович Супатаевдин өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2018-жылдын 13-июлундагы № 31 аныктамасына Уралбек Сабыркулович Момункуловдун кызыкчылыгын көздөгөн Мунарбек Абдукадырович Супатаевдин даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**